**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

# № 1/1 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**“Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү менен 2026-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө”**

Отуз-Адыр айыл аймагынын 2026-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү жөнүндөгү маселелерди карап, Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн маалыматын угуп жана талкуулап, айтылган ой пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен ”Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 3-главасынын 13-беренелеринин негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата каралган бюджетинин киреше-чыгаша бөлүктөрү 92176,4 миң сом анын ичинен 14142,6 миң сом атайын каражат, ата-энелер взносунун эсебинен алымча-кошумчасы менен бекитилсин.
2. Башкаруу аппаратына 14 штат бирдиги, 5 штат топ, контрактык негизинде 21 штат, от жагуучуга эмгек акы фондунун эсебинен төлөнүп берилсин, ал эми айылдык кеңешинин төрагасына 1 штат, айылдык кеңештин жооптуу катчысы 1 штат, айылдык кеңештин кагаз иштерин алпаруучусу 1 штат, китепканага 4 штат, маданият мүдүрү 1 штат, массалык-маданият иштери боюнча 1 штат, күзөтчү 1 штат, тазалоочу 1 штат бекитилсин.
3. Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгү сметанын негизинде 2026-жылы түшкөн кирешелердин чегинде,чыгашаларды каржылоодо биринчи кезекте корголгон статьяларга (эмгек акы фонду, соц.фонд, дары-дармек, тамак-аш, коммуналдык чыгымдарга чегерүү) каржылансын.
4. Бюджеттик каражаттардын калдыгы бекитилген сметага ылайык чыгышталсын, анын ичинде; биринчи кезекте өткөн жылда каржыланбай калган кредитордук карыздарды жабууга, айыл өкмөтүнүн 2026-жылда аткаруусу зарыл болгон жумуштарды каржылоого жумшалсын.
5. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү 92176,4 миң сомго, ал эми чыгаша бөлүгү 89436,6 миң сомго аткарылгандыгы бекитилсин.
6. Бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн божомолу 2026-жылга 81107,0 сомго анын ичинен 23472,0 миң сом атайын каражат, 2027-жылга 82040,9миң сомго белгиленсин.
7. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 2025-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча 2588,474 (эки миллион беш жүз сексен сегиз

миң төрт жүзжетимиш төрт) сом, атайын каражат 150,358 (жүз элүү миң үч жүз элүү сегиз) сом жана 1000 миң сом бош калдык акча каражаттарын бөлүштүрүүгө макулдук берилсин.

8. .Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн

9. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **Д.Атанов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР

# № 1/2 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагындагы жайыт жерлерге орнотулган ООО "Скай Мобайл" жана ЗАО "Альфа Телеком" ишканасынын антенналарынын ижара акысын көтөрүү жөнүндө**

Кызмат көрсөтүүлөрдүн, күйүүчү майдын баасынын жаана инфляциянын өсүшүнө байланыштуу ишкананын ишмердүүлүгүн кармап туруу максатында жайыт жерлеринде орнотулган ООО "Скай Мобайл" жана ЗАО "Альфа Телеком" ишканалардын антенналарынын ижара акысын көтөрүү жөнүндө маселени айылдык кеңшетин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагындагы жайыт жерлерге орнотулган ООО "Скай Мобайл" жана ЗАО "Альфа Телеком" ишканасынын антенналарынын ижара акысын 10 000 (он миң) сомго көтөрүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.(Э.Эшиев).
3. Ушул токтом Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. .Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

# № 1/3 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

## Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин мамлекеттик менчикке өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №597 токтомунун, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык ошондой эле жер, агрардык жер маселеси боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын Ынтымак айылындагы № 5 контурдагы 1,70га жер аянты жана №27 контурундагы 0,02га жер аянтын мамлекетттик менчикке алып, социалдык объект курууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.(Э.Эшиев)
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер жана агрардык жер маселеси боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Д.Атанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР** |

# № 1/4 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифтерди белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Ичүүчү таза суу жөнүндө” мыйзамынын “Калкты ичүүчү таза суу менен жабдуудагы экономикалык механизми” IV бөлүмүнүн 20-21-22 беренелеринин негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын 10 айылынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча Бүткүл Дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ишке ашып жаткан долбоордун алкагында ар бир ичүүчү суу пайдалануучу абоненттердин суу эсептегичтер үчүн 30% өздүк салымын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин карап чыгып, талкууга алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын 10 айылынын калкын ичүүчү таза суу пайдалануучу абоненттерге суу эсептегичтери үчүн 30% өздүк салымын 2300 (эки миң үч жүз) сом өлчөмүндө бекитип берүүгө макулдук берилсин.
2. “Отуз-Адыр -Таза-Суу “ МИ кайрылуусунун негизинде ичүүчү таза суу түтүктөрүнө абоненттердин кошуулу учурундагы тартиби бекитилсин.
3. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмтүнө тапшырылсын.
4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

# № 1/5 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

## Отуз-Адыр айыл аймагынын Присавай айылынын аталышын өзгөртүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө "Мыйзамынын 34 беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 25-апрелиндеги №65 " Кыргыз Республикасынын административдик аймактык түзүлүшү жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген тартипте ылайык жана Присавай айылынын тургундарынын суроо-талабы 2025-жылдын 23-сентябрындагы айылдын жыйынынын протоколун Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 28-январындагы кезектеги отурумунда карап, талкууга алып, отурумдун протоколунун негиздеринде жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын учурдагы аталышы "Присавай" расмий тилде аталып келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык "Биримдик" деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан Отуз-Адыр айыл аймагынын учурдагы аталышы "Присавай" болуп келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык "Биримдик" деп өзгөртүү жагы суралсын.

3. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, административдик иштер жана мыйзамдуулукту, коомдук тартипти сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Д.Атанов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

---

# № 1/6 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

## Отуз-Адыр айыл аймагынын Тынчтык айылынын аталышын өзгөртүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө "Мыйзамынын 34 беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 25-апрелиндеги №65 " Кыргыз Республикасынын административдик аймактык түзүлүшү жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген тартипте ылайык жана Тынчтык айылынын тургундарынын суроо-талабы 2025-жылдын 3-декабрындагы айылдын жыйынынын протоколун Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 28-январындагы кезектеги отурумунда карап, талкууга алып, отурумдун протоколунун негиздеринде жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын "Тынчтык" айылынын аталышын "Акыйкат" деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан Отуз-Адыр айыл аймагынын "Тынчтык" айылынын аталышын "Акыйкат" деп өзгөртүү жагы суралсын.

3. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, административдик иштер жана мыйзамдуулукту, коомдук тартипти сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

# № 1/7 ТОКТОМ

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагындагы айыл макамы жок калктуу конуштарга айыл макамын алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын административдик аймактык түзүлүшү жөнүндө Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын административтик аймактык түзүлүшү маселелерин кароо тартиби жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетине караштуу Административтик-аймактык түзүлуш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо бойунча ведомстволор аралык комиссиянын иши жөнүндө жобого ылайык жана калктуу конуштардын тургундарынын суроо-талабы, тургундардын жыйынынын протоколун Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 28-январындагы кезектеги отурумунда карап, талкууга алып, отурумдун протоколунун негиздеринде жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. Төмөндөгү Отуз-Адыр айыл аймагындагы айыл макамы жок калктуу конуштарга айыл макамын алууга макулдук берилсин жана Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан тиешелүү жактардан аталган калктуу конуштарга айыл макамдарын алып берүү жагы суралсын.:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын Зымырык калктуу конушуна “Зымырык” айылы макамы.
2. Отуз-адыр айыл аймагынын Беш-Кепе калктуу конушуна “Беш-Кепе” айылы макамы.
3. Отуз-Адыр айыл аймагынын Кожом-Бак калктуу конушуна “Кожом-Бак” айылы макамы.
4. Отуз-Адыр айыл аймагынын Келечек калктуу конушуна “Келечек” айылы макамы.
5. Отуз-Адыр айыл аймагынын Орто-Сай калктуу конушуна “Орто-Сай” айылы макамы.
6. Отуз-Адыр айыл аймагынын Тойчулук калктуу конушуна “Тойчулук” айылы макамы.

2. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, административдик иштер жана мыйзамдуулукту, коомдук тартипти сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **Д.Атанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР** |

**№ 1/8 ТОКТОМ**

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифтерди белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Ичүүчү таза суу жөнүндө" мыйзамынын "Калкты ичүүчү таза суу менен жабдуудагы экономикалык механизми" IV бөлүмүнүн 20-21-22 беренелеринин негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын 10 айылынын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча Бүткүл Дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ишке ашып жаткан долбоордун алкагында Отуз-Адыр айыл аймагынын башка айылдарда Манас айыл аймагынын Осмон айылынын жана Ала-Тоо айыл аймагынын Тойчу айылындагы ар бир ичүүчү суу пайдалануучу абоненттердин кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин карап чыгып, талкууга алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1 Отуз-Адыр айыл аймагынын башка айылдарда Манас айыл аймагынын Осмон, Ала-Тоо айыл аймагынын Тойчу айылдарындагы ичүүчү таза суу керектөөчүлөргө үйүндө суу колонкасы бар кожолуктарга 250 сомдон, ал эми көчөдөн суу ташып пайлдаланган кожолуктар үчүн 150 сомдон кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин бекитип берүүгө макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**№ 1/9 ТОКТОМ**

30.01.2026-жыл. Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын жайыт багытындагы жерлерин мамлекеттик менчикке өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №597 токтомунун, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык ошондой эле жер, агрардык жер маселеси боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагындагы Кызыл-Абад айылындагы № 263 контурдагы жайыт багытындагы 0,60 сотых, Беш-Кепе айылындагы №544 контурдагы жайыт жерден 0,65 сотых жер аянтын мамлекеттик менчикке каттоого макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.(Э.Эшиев)

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Д.Атанов**